**УДК: 37:371.31**

**ДӨӨЛӨТБАКОВА Р.Ж., ДУМАНАЕВА М.Г., КАРОЛОВА А.М.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ / КНУ им. .Баласагына*
**DOOLOTBAKOVA R., DUMANAEVA M.G., KAROLOVA A.M.**
*J. Balasagyn KNU*

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК УКУК

## Государственный язык и экологическое право

## The state language and ecological law

***Аннотация.*** *Бул макалынын максаты – жогорку окуу жайларында юридикалык адистиктеги студенттерге мамлекеттик тил: кыргыз тили жана адабияты сабагын укук предмети менен интеграциялап, заманбап билим берүү парадигмаларына таянып, коммункативдүү компетенттүүлүктүн негизинде жаңы ыкмада, жаңы жолдор менен инновациялап окутуу болуп саналат.*

***Аннотация.*** *Целью данной статьи является – преподавать студентам юридических специальностей высших учебных заведений государственный язык – кыргызский язык и литературу путем интеграции с правовым предметом, фокусируясь на парадигмы современного образования, на основе новых коммуникативных компетентностей и по новым путям инновации.*

***Abstract.*** *The aim of this article – to teach state language: the Kyrgyz language and literature to the students of the law specialist at the high schools by integrating with legal subjects, focus on paradigms of modern teaching on the new communicative competent method, teaching through the new ways.*

***Урунттуу сөздөр:*** *атуулдук, гумандуулук, жаратылыш, мыйзам, тынчтык, укук, экология, кызматташтык, парадигма, компетенция, компетенттүүлүк, экологиялык адам укугу*

***Ключевые слова:*** *гражданство, гуманизм, природа, закон, мир, право, экология, сотрудничество, парадигма, компетенция, компетентный, экологическое право человека*

***Keywords:*** *citizenship, humanism, nature, law, peace, right, ecology, cooperation, paradigm, competence, competent, ecological human rights*

Азыркы учурда педагогика илиминде жана билим берүү тармагында өзүнүн теориялык маанилүүлүгү жана практикалык жактан таасирдүүлүгү менен айырмаланып турган компетенттүүлүк парадигма актуалдуу болуп саналат. Компетенттүүлүк парадигмасын изилдөөчүлөр: И.А.Зимняя, В.И. Байденко, Т.Кун, А.К.Маркова, Л.М.Митина ж.б. эмгектеринде билим берүү процессинде дидактикалык артыкчылыктарды, мүмкүнчүлүктөрдү ачышкан.

XX кылымдын 70-жылдарында компетенттүүлүккө негизделген билим берүү Америкада калыптана баштаган. 1965-жылы Н.Хомский тилдин теориясына, грамматикага байланыштуу ”компетенция” түшүнүгүн биринчилерден болуп колдонгон. Н.Хомский: “Биз компетенция (угуучу) сүйлөөчүнүн өз тилин, билимин түшүнөбүз жана билүү менен колдонуу (конкреттүү кырдаалдарда реалдуу колдонуу) ортосунда фундаменталдык айырмалоо жүргүзөбүз. Билүү – идеалаштырылган учурда

гана колдонуу компетенциянынын чагылышы түздөн-түз боло алат. Иш жүзүндө болсо, ал түздөн-түз компетенцияны чагылдыра албайт”-деп айткан [1, 20-б.].

Компетенттүүлүк - билимге негизделген, адамдык интеллект жана инсандын жекече өзгөчөлүгү менен шартталган социалдык жана кесиптик ишмердүүлүк катары бааланат. Дж.Равен, Г.Э. Белцкая Н.В.Кузьмина, А.К.Маркова, В.Н.Куницина, В.И.Байденко, Н.Хомский, А.В.Хуторскй жб. эмгектеринде компетенцияга негизделген билим берүүнүнүн үч этабын аныкташат.

XXI кылымдагы билим берүүнүн негизги юридикалык кесиптик багыттары студент-жарандын эркин өнүгүүсүнө, чыгармачылык шыгына, өз алдынча ишмердүүлүгүнө. атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнө, адистердин мобилдүүлүгүнө басым жасагандыгы менен айрмаланып турат. Кыргыз тил жана адабияты сабагында юридикалык кесиптеги студент-жарандарга компетенттүүлүк сапаттарды калыптандыруу – билим берүү тармагындагы парадигмалардын алмашышын, алардын заманбап идеялар, теориялар, концепциялар жана илимий-методикалык колдонмолор менен камсыз болуусу зарыл.

Инсанга компетенттүүлүктү калыптандыруу - дүйнөлүк билим берүү системасында гуманисттик негизги парадигмалардын бири. «Парадигма» деген түшүнүктү психолог М.Минияров: «… белгилүү бир тарыхый мезгилде илимдин же билимдин бир тармагы боюнча окумуштуулардын илимий изилдөө практикасын уюштурууга мүмкүн болгон жана андан жаралган илимий жетишкендиктеринин негизги системасы, теориясы жана методдору «парадигма» - деп айтат [2, 25-б.]. Парадигма азыркы мезгилде кыргыз тилин жана адабиятын окутууну инновациялоонун негизги бир багыты болуу менен бирге тилди, адабияты окутууну мазмундук жана формалык жактан жаңылоонун гуманисттик багытын да белгилейт.

Компетенция - латынча “competere” – ылайык келүү, туура келүү дегенди билдирүү менен белгилүү бир (окуу, инсандык, кесиптик) жагдайларда билимдин, билгичтиктин ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга адамдын жөндөмдүүлүгүн интеграциялоо жана анын ишмердүүлүгүнүн ыкмалары, башкача айтканда студент-жарандардын ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир социалдык талап кылынган ыкмаларына ээ болуусунда чагылдырылган билим берүүнүн натыйжасы. Компететенттүү адам – белгилүү бир кырдаалда, чөйрөдө белгилүү юридикалык адистиктер боюнча билим, ыкма, билгичтиктерге,. көндүмдөргө ээ болуусу, алар аркылуу турмушта өз алдынчалуулукка, жоопкерчиликтүүлүккө, жемиштүү ийгиликтерге жетишип, өнүгүп-өсүүсү.

Компетенттүүлүк – адам тарабынан ар кандай шарттарда (билим алуу инсандык, кесиптик) билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өз алдынча колдоно билүү боюнча итегративдүү жөндөмдүүлүгү [3, 5-б.]. Компетенттүүлүктү калыптандырууда тилдин коммуникативдик ролу өзгөчө мааниге ээ. Коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болуу менен туура, так, ачык, орундуу, логикалуу, элестүү, образдуу, көркөм, уккулуктуу сүйлөй жана жаза билүү – ар бир маданияттуу, юридикалык билимдүү интеллигент адамдын мыкты сапаты катары бааланат.

Дж.Равен айткандай: «Ал ар кимдин «ички дүйнөсүн» ачып чыгууга көз каранды болгон абал компетенттүүлүк катары каралышы керек, б. а. мында адамдын тукум куучулук мүнөзгө ээ сүйлөө жөндөмдүүлүгү, ойлоонун индивидуалдуу өзгөчөлүгү, баарлашууга карай шык-таланты, илим-билими боюнча белгилүү бир тармакка карай ынтызарлыгы сабакта коммуникативдүүлүктүн субъективдүү мүнөзүн аныктап ал эми аны билим, билгичтик жана көндүм катары калыптандыруу окутуу процессинде компетенттүүлүктү калыптандыруучу негиз катары каралат» [4, 280-б.].

Кыргыз тилин окутууда коммуникативдүү компетенттүүлүккө ээ кылуу студент-жарандардын ички ой-сезимдеринин, ой толгонууларынын ачылышына, өзүнүн кубанычын, ийгиликтерин бөлүшүүгө, эне тилин урматтап, сүйүүгө жардам берет. Мында мугалимдин сабакта студент-жарандарга карата мамиле кылуу аракетинин мазмуну гана жаңыланбастан, азыркы педагогикалык коомчулук үчүн маанилүү болуп турган теориялык-методологиялык жактан билим берүүнү гумандаштыруунун төмөнкүдөй багыттарын аткарууга мүмкүнчүлүк түзөт.

- сабырдуулуктун (толеранттуулуктун) активдешүүсүн;
- инсандын өзүн-өзү үзгүлтүксүз өнүктүрүүсүн;
- предметтерди интеграциялоону;
- маданияттуу сүйлөшүүнү;
- инсандын социалдык жактан калыптанышын.

Бүгүнкү билим берүү тармагы Кыргыз Республикасында жана дүйнөлүк билим берүүдө улуттук этнопедагогиканын кыртышына кайрылуу маселеси жүрүп жаткан учурда глобалдуу экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдөгү иш-аракеттерди жогорулатууга муктаж. Анткени илимий-техникалык өнүгүү процесси менен атмосфера, биосфера, гидросфера, өзгөчө ноосфера бузула баштады. Жер, суу, аба, от жаратылыштын, жашоонун, тирүүчүлүктүн булагы. Ошол себептен сууга аяр мамиле жасап, абаны булгабай, отту көөлөбөй жашоо, экологиялык укук (жаратылыш байлыктар укугу), жаратылышты коргоо укугун билүү - студент-жарандардын атуулдук парзы.

**Экологиялык укук** (жаратылыш байлыктар укугу), жаратылышты коргоо укугу – жаратылыш байлыктарын коргоо жана өнүмдүү пайдалануу боюнча мамилелерди жөнгө салуучу юридикалык ченемдердин жыйындысын билдире турган Кыргыз Республикасынын укук тармагы. Экологиялык укук курамына жарандык, жер, административдик, каржы, кылмыш-жаза ж.б. укуктары кирет. Экологиялык укук өз алдынча тармак катары жакындан тартып гана, тактап айтканда 1980-жылдардын аягынан, 1990-жылдардын башынан тартып карала баштады. Тиешелүү илим тармагы менен окуу сабагы да экологиялык укук деп аталат.

Экологиялык адам укугу – дүйнөлүк жана улуттук деңгээлде экологиялык каатчылык туудурган абалдын курчушунан улам келип чыккан адамдын конституциялык укуктарынын бир түрү. Экологиялык укукту конституциялык деңгээлде кеңири беките баштоо - 1980-жылдардын аягында 1990-жылдардын башында гана башталган. Экологиялык адам укугуна баарыдан мурда жагымдуу айлана-айлана чөйрөгө ээ болуу укугу, экологиялык тартип бузуу аркылуу адамдын ден-соолугу менен мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугу, жаратылыш чөйрөсүнүн абалы тууралуу таасын-так маалымат алуу укугу тийиштүү [5, 743-б.].

Кыргыз элинин дүйнө таануусунда, философиялык ой жүгүртүүсүндө, жашоо тиричилигинде, маданиятында, адабиятында, чарбачылыгында салттуу билимдер өтө чоң мааниге ээ болгон, алар элдин турмуштук бай тажрыйбасында топтолгон, жаратылыш шартына, ыңгайына шайкеш келүү менен калыптанган. Кыргыз элинде мурунтан эле табият таануу идеялары эмпирикалык негизде болсо да, балдарын табият менен шайкеш өсүшүн көңүлдөн чыгарган эмес. Анткени, адам дагы табияттын бир перзенти, табияттын да, жаратылыштын ички табияты менен окшош экенин элибиз эзелтен эле билишкен. Бул идеялар элдик ырларда, жомоктордо жана накыл кептерде эн сонун сиңирилген.

Эгер адам табияттын мыйзамдарына каршы аракет кылса , ал сөзсүз түрдө табияттын да каршылыгына туш болгон. Булардын эн эле жөнөкөй далили катары: ”Чөптү кор тутсаң, көзгө зыян”, “Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор” деген макалды алсак болот.

Экологияга жасаган мамилесинде, жаратылышка болгон дүйнө таанымда салттуу билимдери болгондугу байыркы оозеки чыгармаларда айтылып калган . “Эр Төштүк”, “Карагул ботом”, “Кожожашта” кандай гана салттуу билимдер камтылып жаткандыгын көрүүгө болот.

Кыргыз эли өзүнүн салттуу билимин көздүн карегиндей сактап, муундан-муунга өткөргөн, мезгилдин талабына жараша өрчүткөн. Эзелтен табияттын акылман, түбөлүктүү мыйзамдарын өздөштүрүшкөн жана ошол мыйзамдарга шайкеш, мезгилге жараша, жер шартына жараша, аба ырайына карай, ай менен күнгө карап, эмгектенишкен, жалпы турмуш–тиричиликти ошого жараша уюштурушкан. Табият менен адамдын көп кылымдык топтолгон тарыхый тажрыйбасы да, ошого жараша түптөлгөн рухий, эмгек, адептик салттары да түбөлүктүү. Табият түбөлүктүү, ал улам өзгөрүп, өнүгүп жашоосун уланта берет. Табият адамдын жашоосунда эң чоң роль ойнойт, себеби адамзат жаратылыш менен тыгыз байланышта, ага көз каранды. Ошондуктан биздин ата-бабаларыбыз илгертен эле жаратылышты ыйык тутушуп, ага аяр мамиле кылып келишкен.

Кыргыз элинде бир жылдагы он эки айдын бешөө жаныбарлардын аттары менен аталган. Алар: жалган куран (март), чын куран (апрель), бугу (май), кулжа (июнь), теке (июль). Эмне үчүн минтип аталып калган? Мунун себеби бар. Чыгыш элдеринин көпчүлүгүнүн календары боюнча түндөн күн узара баштаган айды жылдын башы деп эсептешет. Демек жалган куран (март) деп кыргыздар эликтин эркегин айтышкан. Анын мүйүзү кышында түшкөндө токол болуп, алыстан телкиден айрылып таанылбайт. Ала шалбырт маалда курандын мүйүзү кылтыйып жаңыдан өсө баштайт. Ошондуктан алыстан куран экени, же телки экени билинбейт. Курандын чөйрөсү адырлар жана алардын тилкемдери болуп карлар толугу менен кете элек учур саналат. Алкактуулук менен алганда жашоо ареалдары төмөнкү жана бөксө тоолорго байланыштуу болуп, негизинен 1000-2200 м. бийиктикти ээлейт. Кышында кар текши жатып, жалган куран айынан баштап эрийт. Ала шалбырт болуп, элик көрүнүп, көрүнбөйт. Аңчылыкка шарт ылайык келбей, көзгө куран жалган көрүнүп турган маалда: **“Жалган куран”** деп атаган. Бул маал «Кожожаш» эпосунда төмөнкүдөй берилет:

Ак карлар эми суу агып,
Ала шалбырт кези экен.
Карлуу суук кыш кетип,
Жаркырап жылып жаз келсе,
Калың кар кетип сел болсо,
Калың кар кетип, кыш өтсө,
Керинде карлар, муз эрип,
Жаз жаркырап күн келди
Айлар өтүп жаз келди

Апрелде мүйүзү сороюп кыйла өсөт. Аны алыстан эле таанйт. Ошол себептен муну чын куран дейт.

**Чын куран** айында кар толугу менен эрип бүтүп, аңчылыкка ыңгайлуу шарттар түзүлөт. «Кожожаш» эпосунда төмөнкүчө келтирилет:

Өзөн аккан суу менен,
Адыры жок түз менен,
Кийик оттоп жүрүүгө.
Дүйүм чөптүн баары бар

Ал эми бугу, кулжа, теке айларында айбандардын эркектери ургаачысынан бөлүнүшүп, өздөрүнчө үйүр курушат.

**Бугу айы.** Бугулар негизинен токой-шалбаа алкактарын ээлеп Ысык-Көлдө1800-3000м карагай, Ферганада 1000-2000м жаңгак, мөмө-жемиш токойлору, андан жогору арча карагайлар ареалдарын ээлеген.

«Кожожаш» эпосунда:

Карагайлуу тоо менен,
Капчыгайдан суу аккан,
Жаңырып таштар чуулдайт.
Жан жүрбөгөн коо менен
Бадалдуу тескей тоо менен
Кууп келе жаткан кез.
Мин бугунун сайында
Бугулардын табигый жашоо чөйрөсү өткөн жер көрсөтүлөт.

**Кулжа айы.** Бийик тоолуу шалбалуу талаалар 3000-3300м айрым учурда 3500-3600м бийиктикте жайгашат. Жылдын орточо температурасы +10 түзөт, жамгыр көпчүлүк учурда кар түрүндө жаайт. Бул алкак негизинен кулжаларга таандык.

«Кожожаш» эпосунда

Ак мөңгүлүү аскадан
Аркар кулжа жай алган
Агарган мөңгү зоо менен
Аралаша кууду дейт.
Аскасы бийик тоо менен.
Кар кетпеген тоо менен
Кайберен жүргөн зоо менен
Агарган шамал жел менен
Адам жүрбөс жер менен
Тура тартып суу кечип,
Туюк кар жаткан төр менен –деп кулжанын бийиктик алкак чөйрөсү сүрөттөлөт.

**Теке айы.** Текелер эң бийик тоолуу алкактарды башкача айтканда тоолуу тундраны, 3800-4300м бийиктитерде жайгашып, Тянь-Шандын бийик тоолуу жерлерин ээлейт. Теке айында орточо температура +5 градус төмөн Кыргызстандын 15% аятын ээлейт.”Кожожаш” эпосунда :

Текелер жүрчү зоо менен,
Мискен тоолуу аскага,
Мискен деген тоо болот,
Адам келбейт бул жерге
Арапайын Микендин,
Адам жүрбөс тоолорун,- эң чоң бийиктиктеги, татаал табигый шарттар көрсөтүлөт.

Немец окумуштуусу А. Дистерберг да адам менен табияттын мындай шайкештигин педагогикалык жактан анализдеп: “Адам жаратылыштын акылман жана түбөлүктүү мыйзамдарын колдонуунун ордуна, аны менен күрөшүүнү артык көргөн. Ал жаратылышка ишенген эмес жана ишенүүдөн корккон. Эгер адам жаратылышка зыян келтирүүнү токтотпосо, аны ошондой тагдыр күтүп турат”-деп эскерткен.

Чыңгыз Айтматовдун “Ысык-Көлдүн куту жана куну” деген публицистикасы табиятты коргоо көйгөйү тууралуу сөз баштаганда, Ала-Тоонун бермети – Ысык-Көл тууралуу сөз учугу уланат. Ысык-Көлдү сактап калуу – Ата журтубузду сактап калууга

барабар. Чыңгыз Айтматов: “Ысык-Көлдү сактап калуу – бул Мекендин бир укум жерин сактап калуу дегендик. Көлдүн тагдыры үчүн биздин ар бирибиздин жоопкерчилигибизди азыр мына ушундайча түшүнүп баалоо керек. Анткени каармандык – азыр жаратылышка эч нерсе бербей туруп, андан көбүрөөк аласа алууда эмес. Иш жүзүндө өзүбүздүн акыл-эстүүлүгүбүздү ырыстап, табийгат менен толук мунасалашып, аны менен толук шайкештикте жашоодо турат”.

“Эгерде сен өзүң жамаатташ турган биздин керемет көлүбүз - Ысык-Көл сындуу баа жеткис жерлерин сактап калуу токойду, суу алган бото көз булакты, берешен жерди сүйсөң, тек гана суктанып эмес, ишкер дем, эң башкысы эртеңки күн жөнүндө ойлонуп, жаратмандык менен сүйсөң, анда сенин чыныгы кожоюн боло алганың, анда сенин патриот боло алганың. Ал эми жаратылыштын мындай көйгөйлүү жагдайын элибиз сонун баамдаган жана бала тарбиясын табияттын фонунда шайкеш ишке ашырат. Табиятка гумандуу мамиле жасоо адамдын адеп-ахлагына, жеке абийирине жараша болуусу да толук ыктымал. Мында абийир “гумандуулуктун бир критерийи” ккатары баалануута тийиш,- деп улуу жазуучу . Ч. Айтматов айткан.

**Сабактын жүрүшү:**

*1-кадам:* Ч. Айтматовдун “Ысык-Көл” аттуу обондуу ырын уктуруу.

*2- кадам:* “Жаратылыш жана адам” аттуу текстти окутуу.

*3-кадам:*Өздөштүрүлгөн тексттен кийин “Жаратылышты жана анын экологиясын коргоо” деген темада эл аралык көйгөлүү пресс-конференция сабагын өткөрүү. Максаты: Коммуникативдик компетенттүүлүк. Иш-аракет аркылуу оозеки речь, сынчы ой жүгүртүүнү өстүрүү, сөз байлыгын өркүндөтүү.

*4-кадам:* Бирден синквэйн түзүшөт. Синквэйн уйкашпаган беш сап ыр, же айтым. Мисалы: 1. Жаратылыш, табият 2. Кооз, пайдалуу 3. Корголот, өзгөрөт 4. Айлананын тазалыгын сактай билели 5. Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндөгү мыйзамы

*5-кадам:* Жети топко жети флипчарт, аудиториядагы жалпы топ үчүн бир флипчарт тактага илинет. Ар бир “өлкө” өздөрүнүн көйгөйлөрүн презентациялоо үчүн бирден үч түстүү бир комплект маркер, жети скотч колдонушат.

Иш кагаздары:

Студенттер: атуулдук, гумандуулук, тынчтык, мыйзам, укук, экология, кызматташтык деген жети топту түзүү.

*Атуулдук, гумандуулук, тынчтык, мыйзам, укук, экология, кызматташтык* деген сөздөрдү пайдаланып, экологиялык көйгөйлөрдү өз ара жардамдашып, биргелешип иштөө аркылуу чечишет.



*6-кадам:Төмөнкү экологиялык укукка байланышкан терминдердин маанисин өз алдыңарча түшүнүп, андан соң тайпа менен биргеликте жооп бергиле.*

Экологиялык атайын аткаруу органдары, экологиялык аудит, экологиялык таалим- тарбия, экологиялык доо, экологиялык зыяндуулукту токтотуу, экологиялык коркуну, экологиялык көзөмөл, экологиялык өзгөчө кырдаалдар аймактары, экологиялык мониторинг, экологиялык мыйзамдуулук, экологиялык системалар, “Экологиялык экспертиза мыйзамы” экологиясы жабыркаган зоналар, экоцид.

7-кадам: “*Жаратылыш алдында жоопкерчилигибиз жана милдетибиз”, Жаныбарлардын аттары менен аталган айлар жана алардын мааниси жанажаратылышка байланыштуу макал-ылакаптарды айтып бергиле.*

*8-кадам:. “Экологиялык укук” деген темада чакан эссе жазгыла.*

Талкуулоо үчүн суроолор

1. Жаратылышка гумандуу мамиле жасоо дегенди кандай түшүндүңөр?
2. Эмне үчүн айлардын аттары жаныбарлардын аты менен аталган ?
3. Азыркы мезгилдеги экологиялык көйгөйлөрдөн чыгуунун жолдору ?
4. Жаратылышты жана адам укугун коргоо боюнча дүйнөдө жанаКыргызстанда кандай уюмдардын иш-аракеттерин билесиңер?
5. Ч. Айтматовдун “Ысык-Көлдүн куту жана куну” публицистикасынынидеясы туралуу ой бөлүшкүлө.
6. Атмосферанын бузулушу кандай зыяндуулукка алып келет?
7. Экологиялык адам укугун кандай түшүндүңөр?
8. Жаратылыштын тең салмактуулугун сактап калуу үчүн эмне кылышыбызкерек? Абанын бузулушунун себеби эмнеде?

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Зимняя И.А. Компетентностный подход. Аково его место в системе современных подходов к проблемам образования? – Высшее образование сегодня, 2006, №8. – с.20 –26.
2. Минияров В.М. Педагогическая психология. – М., 2005.
3. Рамочный Национальный куррикулум среднего общего образования Кыргызской Республики. – Б., 2010. Утвержден приказом МОН №1114/1 от 21. 12.2009 года “О принятия Рамочного Национального куррикулума среднего общегообразования Кыргызской Республики”.
4. Равен Дж. Компетентность в современном обществе. – М., 2002.
5. Юридикалык аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмөсөздүгү. – Б.,2006.


***Рецензент: Мусаева В.И.*** *– педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаеватындагы КМУнун профессору*